| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ШУМКАР-УЯ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ШУМКАР-УЯ |

**Депутаттардын Шумкар-Уя айылдык кеңешинин II– чакырылышынын кезектүү I -сессиясынын**

**№ 2 ТОКТОМУ**

**23.01.2026-жыл** **Сасык-Булак айылы**

**2025-жылдын жыйынтыгы менен Шумкар-Уя айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетин аткарууда кирешенин чыгашадан ашкан жана үнөмдөлгөн суммасын бөлүштүрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 115 жана 51-беренелери, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин негизинде, Шумкар-Уя айылдык кеңешинин "Бюджет жана муниципалдык менчикти башкаруу маселелери боюнча" туруктуу комиссиясынын 22.01.2026-жылдагы №1 протоколдук сунушун карап, талкуулап чыгып, Шумкар-Уя айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. 2025-жылдын жыйынтыгы менен Шумкар-Уя айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетин аткарууда кирешенин чыгашадан ашкан жана үнөмдөлгөн 81 595,0 миң (сексен бир миң беш жүз токсон беш) сом акча каражаты төмөндөгүдөй бөлүштүрүлүп, бекитилсин.
   - 3111-беренесиндеги 76 118 628 (жетимиш алты миллион жүз он сегиз миң алты жүз жыйырма сегиз) сом акча каражаты 2025-жылдын келишимдери боюнча калдыктарына ;
   - 2215-беренесиндеги 5 306 611 (беш миллион үч жүз алты миң алты жүз он бир ) сом акча каражаты 2025-жылга келишимдери боюнча калдыктарына;
   - сметчиктердин кызматы үчүн – 169 761 ( бир жүз алтымыш тогуз миң жети жүз алтымыш бир) сом акча каражаты жумшалсын .
2. Талас финансы башкармалыгына (Ж.М.Ниязалиев) бөлүнгөн акча каражаты өз убагында каржылоо жагы милдеттендирилсин.
3. Кабыл алынган токтомду Шумкар-Уя айыл өкмөтүнүн сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүнү көзөмөлгө алуу жагы Шумкар-Уя айылдык кеңешинин жооптуу катчысына (Н.Б.Джумашовага) милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдүк кылуу жагы Шумкар-Уя айылдык кеңешинин "Бюджет, экономика-инвестиция тартуу маселелери боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасы (Султанбек уулу Б) тапшырылсын.
5. Бул токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Борукеев**